# Корея Республикасындагы чет өлкөлүк кызматкерлерди камсыздандырууга каттоо эрежеси боюнча маалымат.

## ○ Бөөдө кырсыктардан камсыздандыруу деген эмне?

- Бөөдө кырсыктардан камсыздандыруу деген, жумушчу жумуш учурунда жаракат алып же ооруга чалдыккан учурда, 4 күндөн ашык дарылоого муктаж болсо, эмдөөнү камсыздап, эмдөө убактысында орточо эмгек акысынан 70% төлөп берип, жана жумушчу каза тапкан учурда баккан адамынан айрылгандыгы үчүн төлөнүп берилүүчү Корея Республикасынын социалдык камсыздандыруу системасы.
- Чет өлкөлүк жумушчулар дагы Корея Республикасында мыйзам түрүндө же мыйзамга каршы жашап жатканына карабастан Корея Республикасынын жарандары менен тен укукта кырсык катталган учурда компенсация алат жана макулдашуу түзүлбөгөн учурда дагы жумуш берүүчүлөр тарабынан камсыздандырылат.

## ○ Чет өлкөлүк жумушчуларды камсыздандыруу боюнча каттоо тартиби

- Жетиштүүлүк Эмгек Коомунун веб-сайтында бөөдө кырсыктардан камсыздандыруу медициналык мекемесинин медициналык пособие боюнча арыз үлгүсүн толтуруп, өз жумушуна тиешелүү мекемеге тапшыруу керек.

※ Бөөдө кырсыкты изилдөө учурунда , иш берүүчү жана жумушчу жумуш кырдаалы жөнүндө сурака алынып же кошумча документтер талап кылынышы мүмкүн. Бул учурда иш процесси бир аз убакытка созулат.

※ Жумуш учурунда алынган жаракат боюнча медициналаык камсыздандырылууга арыз менен кайрылган учурда, Жумуш Учурунда Алынган Жаракаттарды Аныктоо Комиссиясы жаракат далилдигин аныктайт.

## ○ Аныктоо процесси




## ○ Камсыздандыруу төлөмдөрүнүн түрлөрү

| | |
|---|---|
| **Медициналык төлөм** | жумуш учурунда алынган жаракат негизинде 4 кундон ашык дарылануугa муктаж болгон учурда Корей Республикасынын тиешелуу эмканаларында дарылоо камсыздалат |
| **Иштебеген күндөргө төлөнүүчү маяна** | жумуш учурунда алынган жаракатты дарылоо максатында иштебеген күндөр үчүн 1 күндүк орточо айлык акысынан 70% төлөнөт |
| **Жабырлануучуга төлөөнүүчү маяна** | медициналык пособиеге катталып, дарылоо баштоодон 2 жыл убакыт өткөнүнө карабастан оору же жаракат сакайбаган учурда, оору мыйзам негизинде дарылоого мүмкүн эмес дарттардын тизмесине кирсе иштебеген күндөргө төлөнүүчү маянанын ордуна төлөнөт |
| **Майыптык пособие** | дарылануу аягына чыгып, майыптык белгиси калган болсо, Корея Республикасынын майыптык 14 тобунун бирөөсүнө тиешелүүлүгү аныкталып, ошол топтун маянасы төлөнөт |
| **Каза тапкан адамдын үй-бүлөөсүнө толонүүчү маяна** | маркумдун үй-бүлөөсүнө компенсация максатында пособие жана сөөк коюуга кеткен чыгымдар төлөнүп берилет |